**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги**

**Билим берүүдөгү Заманбап Маалыматтык Технологиялар Институту**
**Талас кесиптик колледжи**

| **“Макулдашылды”** | **“Бекитемин”** |
|---|---|
| ББЗИТИнин Талас кесиптик колледжинин | ББЗИТИнин Талас кесиптик |
| методикалык кенешменин башчысы | колледжинин директору |
| М.Ы.Рыскулова___________________ | Г.К.Дыйкамбаева ______________ |
| “______” “_____________”2024-жыл. | “______” “__________”2024-жыл. |

# *Жумушчу программа*

**“Балдар адабиятын көркөм окутуу” предмети боюнча**

**Адистиги :** “Башталгыч класстарда окутуу” шифр 050709

**Окуу формасы: күндүзгү**

| | **Семестр** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|---|
| **Курс** | **3** | |
| **Семестр** | **5** | |
| **Зачет** | | |
| **Экзамен** | + | |
| **Лекция** | | **18** |
| **Лабораториялык сабак** | | |
| **Практикалык сабак** | | **12** |
| **Өз алдынча иштөө, сааты** | | **30** |
| **Модулдар** | **1-2** | |
| **Курстук иш** | | |
| **Жалпы:** | | **60** |

Иштеп чыккан окутуучу:М.Ы.Рыскулова___________

(колу)

Методикалык кеңешменин отурумунда талкууланган жана бекитилген.

Протоколдун №______ “______” “______________” 2024-жыл.

Талас шаары

**Предметтин негизиги максаты жана милдети**

**Максаты:** Балдар адабияты - кыргыз элинин көркөм кенчи. Балдар адабиятын окутуунун максаты- окуучуларды көркөм казынанын турмуштун сыноосунан өткөн мыкты үлгүлөрү менен терен тааныштыруу аркылуу алардын дүйнөгө гуманистик көз карашын турмуштук активдүү позициясын, адеп-ахлак ишенимин, рухий маданиятын калыптандыруу. Оозеки жана жазуу кебин өстүрүү, эстетикалык табиятын тарбиялоо. Оз эл- жерин сүйгөн , башка калктарды да урматтаган, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн ыймандуу жана ишкер инсандарды калыптандырууда иштиктүү түрдө көмөктөшүү. Адабиятты коомдук аң- сезимдин, рухий өнүгүүнүн спецификалык бир формасы катары жаш муундарга таанытуу, жеткирүү. Бул программаны түзүүдө окуу жайларда адабий билимин берүүнүн концепциясынын жоболору эске алынат. Башка адабияттай балдар адабиятынан искусттвонун сынамына негизделген нагыз поэтикалык тил жана көркөм образдуулук талап кылынат. Балдарга арналган чыгармаларда орчундуу маселелерди көтөрүп, тематикасы боюнча кандайдыр бир чектелүүгө учурабай, турмуштун бардык тарабын чагылдырган доордун жандуу кыймылы менен канатташ болууга тийиш.

**Милдети:**

Балдар адабиятындагы мүнөздүү белгилердин бири оптимизмдин өтө күчтүүлүгү. Ал балдардын руханий дүйнөсүн, тунук аңдоо сезимин, туюнуусун эргитип, илгери үмүт-тилектерди идеаларды поэтизациялоого алып келет. Мындан балдар кандай кыйын ааламат кезенде болсо да, акыры келип жамандыкты жакшылык жеңип чыгар чындыктын негизин көрө алышат. Балдар адабияты баланын ар кыл кызыгуусун эске алып, анын назарына илимий ачылыштарды, техниканын абдан татаал кубулуштарын сунуш кыла алат. Балдар адабиятында илимий-фантастикалык чыгармалардын болушу да ушундан. Мына ошондуктан көркөм адабияттык билим элдин кенири катмарына жеткирилиши керек, көркөм адабият аркылуу агартуу иштер үзгүлтүксүз билим берүү системасына айланышы зарыл. Сиз дагы кийинки муундарга бул курстан кийин тарбиянын маанилүү жагын бере алган педагог болууга умтулат.

Балдар адабиятынын теориясыны менен сынына Н.А.Добролюбовдун (1836-1861) кошкон салымы да зор. Сынчынын талабы боюнча балдар адабияты барынан мурда " балдардын өзүнүн нукура турмушун чагылтып сүрөттөйт, ошондуктан жазуучу алардын психологиясын жеткиликтүү билүүгө тийиш" Ошондой эле "балдарга арналган китептердин тарбиялык милдети баланын өз алдынчалыгын жана анын турпатындагы болгон бардык руханий күчүн толук жана туура ачуу болуп эсепетелет... Алардын барактарында жадатма насааттар , сандырак куру кыялдар, тантырак чеченсинүүлөр болбостон, дүйнө турмуш жана адам жөнүндөгү оң кабарлар берилиш керек. "Балдар адабияты жаш муундарды ички руханий тазалыгын сактай алгыдай жана аксымдык, кара өзгөйлүк, алдамчы-калпычылык өңдүү ар кыл ыплас

көрүнүштөргө каршы күрөштө өзүнүн акыйкаттыгын коргой билгидей кылып тарбиялайт”

**Предметке чейинки окулуучу курс**: Педагогика, педагогикалык чеберчилик, Эне тил.

**Предметтен кийинки окулуучу курс:** Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданияты, башталгыч адабий билим берүүнүн теориялык негизи, бшталгыч класстарга эне тилин окутуунун методикасы.

**1.1.Студент билишикерек:**

- балдарадабиятынпайдаболушунунэлдиктарыхыйказынасын.
- кочмонкалктардыносуп-онугуусундогучыгарманынэпикалыкролун.
- балдарадабиятынынэтаптарын
- балдарадабиятынынокулдорунунбалдаргаарналганэмгектерин.
- кыргызэлининтарыхындабалдарадабиятынынордун.

**Жасайбилишкерек:**

- балдарадабиятынынэтаптарынжанабалдарадабиятынынокулдорунунэмгектеринизилдоону.
  кыргызфольклорунунонугушужанаосуусунаныктоо
- балдарадабиятынынкалыптанышынынизилдоону

**колдоно билиш керек:**

- балдар адабиятындагы чыгармалардын корком каражатын;
- бадар адабиятындагы термин жана сөздүктөрдү колдоно билүүнү;
- кесипке ылайык тексттерди окуп, колдонуу аркылуу студенттердин оозеки жана сүйлөөсүнүн жазма формасы өсөт жана маалыматка ээ болуп,алган билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат;

**1.2**. **Дисциплиналарды өздөштүрүүнүн жыйынтыгындагы компетенциялар:**

Берилген дисциплиналарды өздөштүрүү процессинде студент төмөндөгү компетенцияларды билүүгө тийиш:

| Компетенциянын коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| ОК-1 | -тандаган кесибинин маанилүү экенидигин билүү; анын келечеги үчүн бардык күч аракети менен талбай окуп-үйрөнүүгө ОК-1; |
| ОК-7 | -алдыга максат коюуга;<br>-ишмердүүлүгүнө жардам берүүгө;<br>-сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү ОК-7 |
| ПК-1 | -сабактын максатын жана милдетин аныктоо жана пландаштыруу |

| | |
|---|---|
| ПК-2 | -сабакты уюштуруу жана өтүү<br>-педагогикалык көзөмөл жүргүзүү<br>-сабакты жыйынтыктоо жана баалоо<br>-сабакка анализ берүү<br>-технологиялык каражаттарды жана жаны методдорду колдонуу |
| ПК-4 | -педагогикалык этиканы сактоо |
| **Студенттерди окутууда сабактан тышкаркы иштерди уюштурууда колдонулуучу компетенциялар** | |
| ПК-7 | -педагогикалык контроль жүргүзүү,<br>- башталгыч класстардын окуучуларын окутууда чыгармачылыгын өстүрүү. |
| **Билим берүү процессинде методикалык жардам** | |
| ПК-13 | -окуу-методикалык документциялар жана укуктук нормативдик документтер менен иш алып баруу<br>-окуу-методикалык комплектти тандоо<br>-мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын негизинде материалдарды иштеп чыгуу( жумушчу программалар, силлабус) |

**Студенттердин укугу жана милдети:**

Сиздин башкы милдетиниз силлабус боюнча берилген тапшырмаларды аткарууда өтө кылдаттык менен ар бирин өзүнчө изилдеп чыгып, толук түшүнүктүү болгондон кийин гана ишке киришүү. Бул сиздин ишиңиздин эффективдүү болушуна жардам берет.

1.Силлабуста көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткарууда активдүүлүктү көрсөтүү менен бирге, пайда болуп жаткан проблемалар боюнча өз убагында мугалим менен байланышка чыккыла.

2.Сабактарга, экзамендерге өз убагында даяр болуу.

3.Берилген тапшырманы так аткаруу.

4.Суроолорго жооп таба билүүгө аракеттенүү .

5.Предмет боюнча түшүнүксүз болсо тартынбай суроо берүү.

6.Эгерде студент үй тапшырмасын аткарбай , нол упайга ээ болсо, экзаменге кирбей калуусу күтүлөт.

7. Системалуу түрдө окутуучу жана борбор менен байланышып туруусу зарыл.

8. Эгерде предмет боюнча жогорку баа албай калсаныз, кайрадан толуктап тапшырууга мүмкүнчүлүгүнүз бар.

**Баалоо : Берилген курс боюнча билимдерди баалоо семестр боюнча топтолгон упайдын негизинде бааланат**.

| Баалоо | 100 балдык система |
|---|---|
| Эн жакшы (5) | 85-100 |
| Жакшы (4) | 70-84 |
| Канааттандырарлык (3) | 55-69 |
| Канааттандырарлык эмес(2) | 0-54 |
| Келген жок (1) | 0-54 |

**Окуу сабактарын жүргүзүү формасы.**

Предметтин мазмуну окуу процессин уюштуруу аркылуу ар кандай формасы менен ишке ашат- лекция, лабораториялык, практикалык, семинардык сабак жана студенттердин өз алдынча иштөөсү ( жумушчу программада каралган)

Студенттердин өз алдынча иштөөсү аудиториялык сабакта (практикалык тапшырмаларды аткарууда) тышкары да даярдануу аркылуу ишке ашырылат.

**Билимди текшерүү формасы**

Предметти окутуу прцессинде текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: учурдагы текшерүү , аралык текшерүү, жыйынтыктоочу текшерүү.

Учурдагы текшерүү–теманы өздөштүрүүдө тандалган сабакта каалаган учрда ишке ашат. Аралык текшерүү- бардык студенттер үчун ар бир предметтик модулда өтүлгөн материал боюнча алардын алган билимдерин баалоо.

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат. Ар бир модулдагы максималдык балл өтүлгөн материалды 100% өздөштүрүүсүнө барабар. Ар бир модулда минималдык балл милдеттүү жана башка модулдун баллы менен толукталбайт. Оӊ жыйынтыкты алуу үчүн 50 төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт: “ канааттандырарлык” 55-69 балл, “ жакшы” -70 -84 балл, “ эӊ жакшы”

Бардык предметтик модулдагы минималдык баллдын суммасы 50, а максималдык -100 баллды түзот.

Предметтик модуль боюнча рейтингдик балл модулдун татаалдыгына маанилү үлүгүнө карата бөлүштүрүлөт.

## “Балдар адабияты” предмети боюнча тематикалык план 5-семестр

| № | Темалардын аталышы | Сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | лек | практика | СРС | |
| 1 | Кыргыз балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат | 2 | | | |
| 2 | Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган окумуштуулардын ой-пикирлери | | 2 | 2 | |
| 3 | Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө маалымат | | | 2 | |
| 4 | Кыргыз балдар адабиятынын калыптануу этаптары | 2 | | 2 | |
| 5 | Балдар адабиятынын калыптануу этаптарында акын жазуучулардын салымы жана чыгармалары | | | 2 | |
| 6 | Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү балдар адабиятын кантип классификациялашат? | | | 2 | |
| 7 | Тоголок Молдонун балдарга арналган чыгармаларынын тематикасы | 2 | | | |
| 8 | Т.Молдонун балдарга арналган чыгармаларынын элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы | | 2 | | |
| 9 | Кыргыз адабиятынын тарыхы | | | 2 | |
| 10 | Дүйнө таануу ырларынын аянычтуу касиеттери | | | 2 | |
| 11 | Кусейин Эсенкожоевдин балдарга арналган чыгармалары | 2 | | | |
| 12 | К.Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү | | 2 | | |
| 13 | Дүйнө таануу жана беймарал ырларынын айырмачылык жана окшоштук жактары | | | 2 | |
| 14 | Дүйнө тануу жана беймарал ырларынын балдар дүйнөсүндөгү орду. | | | 2 | |
| 15 | Согуш жылдарындагы кыргыз балдар адабияты | 2 | | 2 | |
| 16 | Байыркы маданий даректер | | 2 | | |
| 17 | Азыркы балдар адабияты | 2 | | | |
| 18 | 20-30-жылдардагы балдар адабияты | | 2 | 2 | |
| 19 | Балдар адабияты жана анын классификацияланышы | 2 | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **20** | Коомдук ишмер К.Тыныстанов | | | 2 | |
| **21** | Жамактар | 2 | | | |
| **22** | Кыргыз балдар адабиятындагы биринчи китептер | | | 2 | |
| **23** | Эмгек, насаат тарыхый ырлар | | 2 | 2 | |
| **24** | М.Элебаевдин балдарга арналган ырлары | | | 2 | |
| **25** | Акындар чыгармачылыгы | 2 | | | |
| | **Жалпы:** | **18** | **12** | **30** | |

### “Балдар адабияты” предмети боюнча тематикалык план 6-семестр

| № | Темалардын аталышы | Сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **лек** | **практика** | **СРС** | |
| **1** | Балдар адабияты жана анын классификациясы | 2 | | | |
| **2** | Балдар адабиятындагы ырлардын жаралышы жана мааниси | | 2 | 2 | |
| **3** | Балдар ырларынын жанрдык өзгөчөлүгү | | | 2 | |
| **4** | Молдо Кылычтын балдарга арналган чыгармалары | 2 | | 2 | |
| **5** | Т.Сатылгановдун балдарга арналган санат-насыят,термелеринин мазмуну | | 2 | 2 | |
| **6** | Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү балдар адабиятын кантип классификациялашат ? | | | 2 | |
| **7** | Калык Акыевдин жомокторунун идеалдык-көркөмдүк мааниси | 2 | | | |
| **8** | Осмонкул Бөлөбалаевдин балдарга арналган ырлары | | 2 | | |
| **9** | Балдар адабиятынын тарыхы | | | 2 | |
| **10** | Теребел ырларынын жаралыш мааниси | | | 2 | |
| **11** | Барпы Алыкуловдун жамакчылык, ырчылык өнөрү | 2 | | | |
| **12** | Асан кайгынын дүйнө таануусунун өзгөчөлүгү | | 2 | | |
| **13** | Оюн ырларынын жаралышы | | | 2 | |
| **14** | Саякаттама жана беймарал ырлардын мааниси | | | 2 | |
| **15** | Райкан Шүкүрбековдун балдарга арналган чыгармалары | 2 | | 2 | |
| **16** | Макал -лакаптардын жаралуу тарыхы | | 2 | | |
| **17** | Кенже жанрлар: жамак, табышмак,жанылмач, апыртма | 2 | | | |
| **18** | Тамсил ,уламыш,болумуш балдардын көз карашында | | 2 | 2 | |
| **19** | Жомок жана анын түрлөрү | 2 | | | |
| **20** | Согуштан кийинки балдар адабияты | | | 2 | |
| **21** | Алымкул Үсөнбаевдин балдарга арналган ырлары, тамсилдери, поэмалары | 2 | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **22** | Кыргыз балдар адабиятындагы алгачкы жомоктор | | | 2 | |
| **23** | Шүкүрбек Бейшеналиев көрүнүктүү балдар жазуучусу | | | 2 | |
| **24** | Алыкул Осмоновдун балдарга арналган ырларынын тематикасы | | | 2 | |
| **25** | Ч.Айтматовдун “Чыпалак бала” “Бугу эне” жомогунун идеалдык мазмуну | 2 | | | |
| | **Жалпы:** | **18** | **12** | **30** | |

## Практикалык сабактардын темалары

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| 1 | Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган окумуштуулардын ой-пикирлери | 2 |
| 2 | Балдар адабиятынын калыптануу этаптарында акын жазуучулардын салымы жана чыгармалары | 2 |
| 3 | Тоголок Молдонун балдарга элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы | 2 |
| 4 | К.Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү | 2 |
| 5 | Байыркы маданий даректер | 2 |
| 6 | 20-30-жылдардагы балдар адабияты | 2 |
| | **Жалпы :** | 12 |
| | | |

## Студенттердин өз алдынча иштөөсү

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат жазат. Коюлган маселени жана тапшырманы туура жана так аткарган студент тиешелүү балл ала алат.

## Студенттердин өз алдынча иштеринин темалары

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| 1 | Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | маалымат | |
| 2 | Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган окумуштуулардын ой-пикирлери | 2 |
| 3 | Балдар адабиятынын калыптануу этаптарында акын жазуучулардын салымы жана чыгармалары | |
| 4 | Кыргыз балдар адабиятынын калыптануу этаптары | 2 |
| 5 | Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү балдар адабиятын кантип классификациялашат? | 2 |
| 6 | Кыргыз адабиятынын тарыхы | 2 |
| 7 | Дүйнө таануу ырларынынаянычтуу касиеттери | 2 |
| 8 | Дүйнө таануу жана беймарал ырларынын айырмачылык жана окшоштук жактары | 2 |
| 9 | Дүйнө таануу жана беймарал ырларынын балдар дүйнөсүндөгү орду. | 2 |
| 10 | Согуш жылдарындагы кыргыз балдар адабияты | 2 |
| 11 | 20-30-жылдардагы балдар адабияты | |
| 12 | Коомдук ишмер К.Тыныстанов | 2 |
| 13 | Кыргыз балдар адабиятындагы биринчи китептер | 2 |
| 14 | Эмгек, насаат , тарыхый ырлар | 2 |
| 15 | М.Элебаевдин балдарга арналган ырлары | 2 |
| | **Жалпы:** | 30 |

**Модулдар боюнча түзүлгөн суроолор**

**1-Модул**

| **№** | **Модулдун суроолору** |
|---|---|
| 1 | Кыргыз адабияты дүйнөлүк адабиятттын бир бөлүгү |
| 2 | Кыргыз адабиятынын тарыхы |
| 3 | Кыргыз адабиятынын бөлүмдөрү, этаптары |
| 4 | Балдар үчүн элдик ырлар |
| 5 | Бешик ырларынын өзгөчөлүктөрү |
| 6. | Дүйнө таануу жана беймарал ырлар |
| 7 | Дүйно таануу ырларынын аянычтуу касиеттери |
| 8 | Эмгек ырлары, аткарылыш процесстери |
| 9 | Насаат жана тарыхый ырлар |
| 10 | Балдарга арналган элдик ырлардын тематикалык жанрдык бөлүнүштөрү |

| | |
|---|---|
| 11 | Кенже жанрлардагы чыгамалар |
| 12 | Табышмактар, келип чыгышы, түрлөрү |
| 13 | Жанылмачтар жана алардын поэтикасы |
| 14 | Апыртма/ калп/ жана анын балдар турмушундагы ролу |
| 15 | Макалдардын жанрдык белгиси, тарбиялык мааниси |
| 16 | Лакаптар жана алардын окшоштуктары, айырмачылыктары. |
| 17 | Кенже жанрдагы чыгармалардын балдар дүйнөсүндөгү орду. |
| 18 | Жомоктор жана алардын өзгөчөлүктөрү |
| 19 | Эпикалык чыгармалар |
| 20 | Уламыштар жана болумуштар |
| | |

**2-Модул**

| № | Модулдун суроолору |
|---|---|
| 1 | Кыргыз элинин жазма тарыхынын башаттары |
| 2 | Орхон-Енисей жазуулардын иликтөө иштери |
| 3 | Т.Молдонун- кыргыз балдар тарбиясына кошкон салымы |
| 4 | Тамсил, сатиралардын терең идеасы. |
| 5 | М.Кылычтын чыгармалары |
| 6. | Акындын чыгармаларындагы көркөм бийиктик |
| 7 | Т.Сатылганов нускоочу акын-педагог |
| 8 | Б.Алыкулов – анын чыгармаларындагы лиризм |
| 9 | Адам тагдыры анын чыгармаларында |
| 10 | К.Акиевдин чыгамачылыгы анын таасирдүүлүгү |
| 11 | О.Бөлөбалаев төкмө акын |

| | |
|---|---|
| 12 | А.Үсенбаевдин адабий жомоктору |
| 13 | 20-30-жылдардагы балдар адабияты |
| 14 | Коомдук ишмер К.Тыныстанов |
| 15 | А.Токомбаевдин балдарга арналган чыгармалары |
| 16 | Кыргыз балдар адабиятындагы биринчи китептер |
| 17 | М. Элебаевдин балдарга арналган ырлары |
| 18 | Ж.Бөкөнбаевдин чыгармалары |
| 19 | Ж.Турусбеков балдар поэзиясында |
| 20 | Асан кайгынын ырларынын тематикалык өзгөчөлүктөрү |
| | |

**“ Балдар адабияты” предмети боюнча Силлабус**

Даярдоо багыты : Балдар адабияты боюнча жалпы билим берүү.

Даярдоо профили: “Башталгыч класстардын мугалими”

| | **Күндүзгү** | **Сырттан** |
|---|---|---|
| **Семестр** | 3 | |
| Кредиттер/ сааты | | |
| Лекция, сааты | 24 | |
| Лабораториялык сабак, сааты | - | |
| Практикалык сабак, сааты | 12 | |
| Семинардык сабак, сааты | - | |
| Курстук иш | - | |
| Курстук долбоор | - | |
| Өз алдынча иштөө, сааты | 20 | |
| Жалпы: | 56 | |
| Экзамен | 3 | |

Бул силлабустун негизги максаты студенттерге окуу процесси жана “Балдар адабияты” предмети боюнча кеңири маалымат берүү.

**Окутуучу жөнүндө байланышуу маалымат жана жолдору:**

Окутуучу: Рыскулова Мээрим Ылачынбековна

Электрондук почта:

Сабак окуу процессинин бекитилген графиги боюнча жүргүзүлөт

**Предметке талап кылынуучу окуу жүктөмүнүн өлчөмү :**

| Семестр Курс | Сабактын түрү | | | | | СРСнин сааты | Жалпы саатынын саны | Текшерүү формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кредиттин саны, сааты | | | | | | | |
| | лек | лаб | прак | Курстук иш | бардыгы | | | |
| **3-курс 3-сем.** | **18** | **-** | **12** | **-** | **30** | **30** | **60** | **экзамен** |

**Адабияттардын тизмеси:**

**Негизги:**


1.“Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” М.Тулогабылов Бишкек, “Мектеп” 1991-ж.

2.”Кыргыз адабияты” (8-класс учун) окуу китеби Ж.Таштемиров .С.Мусаев 1976-ж.

3.”Элдик акындар жана тарбия” Окуу-методикалык курал А.Т.Калдыбаева, Б.К.Укубаева Бишкек 1995-ж.

4. “ Бийик жердин балдары” К.Ташбаев Ош шаары -1999-ж.

5. Ч.Айтматов жана этнопедагогика” А.Муратов. Бишкек-2000 –ж.

6. “Ч.Айтмаовдун пейзаж тартуу чеберчилиги” К.Жунусалиева бишкек- 2008 –ж.

7. “ Балдар писихологиясы” Ж.М.Жумалиева Бишкек -1997-ж.

8. “ Жаш курак писихологиясы” Ж.М.Жумалиева Бишкек- 1999-ж.

**Кошумча :**

10. “Жалпы психолгоия” Г.Б.Кудабаева Бишкек-2011-ж.

11. “Дошкольная психология” Г.А.Урунтаева М- 1996-ж

12. “Детская психология” Д.Б.Эльконин М-2004-ж.

13.”Детская психология” Р.С.Мухина М-1995-ж.

14. “Балдар психологиясы” Ж.М.Жумалиева Бишкек -1997-ж.

15. “ Жаш курак писихологиясы” Ж.М.Жумалиева Бишкек- 1999-ж.

16. “Возрастная и педагогическая психология” Г. П.Котельников Смара-2002 –ж.

**Предметтин түзүлүшү**

**Лекциялык сабактын түзүлүшү ( жалпы сааты)**

**№1 Тема: .Кыргыз балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат (2-саат)**

1.Балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат.

2.Балдар адабияты жана анын классификациясы.

3.Кыргыз балдар фольклору, анын жанрдык түрлөрү.

**№2 Тема: Кыргыз балдар адабиятынын калыптануу этаптары. (2-саат)**

1.20-30-жылдардагы балдар адабияты

2.Балдарга арналган прозалык чыгармалар

3.Балдар поэзиясы

4.Балдарга ылайташтырылган драмалык чыгармалар.

**№3 Тема: Тоголок Молдо (2-саат)**

1.Акындар чыгармачылыгында балдарга арналган чыгармалар

2.Тоголок Молдонун балдар адабиятына кошкон салымы.

**№4 Тема: Кусейин Эсенкожоев (2-саат)**

1.К.Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү

2.Акындын чыгармачылыгы , балдар адабиятына кошкон салымы

**№5 Тема: Согуш жылдарындагы кыргыз балдар адабияты (2-саат)**

1.Согуш жылдарындагы кыргыз балдар прозасы.

2.Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар поэзиясы.

3. Райкан Шукурбеков.

**№ 6 Тема: Азыркы балдар адабияты (4-саат)**

1.Кыргыз адабиятына таандык азыркы жаны чыгармалар

2.Азыркы кыргыз балдар адабиятынын көркөм ачылышы.

**№ 7 Тема: Балдар адабияты жана анын классификацияланышы (4-саат)**

1.Кыргыз балдар фольклору

2.Классификациянын максаты

3. Бешик ырлары.

**№8 Тема: Жамактар( 2-саат)**

1.Жанылмачтын көркөмдүк түзүлүшү.

2.Балдарды окутууда табышмактын мааниси.

3.Апыртма

4. Макал-лакаптар

**№9 Тема: Акындар чыгармачылыгы (2-саат)**

1.Кыргыз адабияты жана акындар чыгармачылыгы.

2.Улуттук фольклордуку маалыматтар.

3 XV-кылымдагы жашап өткөн Асан Кайгы.

**1.Практикалык сабактардын методикалык көрсөтмөсү.**

Практикалык сабак студенттерди өз көңүлү менен тапшырмаларды аткарууга үйрөтөт. Студенттердин кесиптик сапаттарын, эмгек процессин туура уюштуруу көндүмдөрүн, сарамжал болуусун калыптандырат.

Бул методикалык көрсөтмөдө балдар адабияты дисциплинасы боюнча практикалык сабактарды өткөрүү үчүн темалар жазылган.

Ар бир темага керектүү адабияттар берилүү менен таяныч түшүнүктөр камтылган.

Окутуучу менен студенттердин группада иш алып баруусу үчүн "Суроолор жана тапшырмалар" берилет. Группадан талкууланган маселелер окутуучунун педагогикалык чеберчилигине жана студенттердин активдүүлүгүнө жараша ар кандай педагогикалыкк усулдарды колдонуу менен коштолот.

Практикалык сабакты жыйынтыктоо менен студенттерге талкууланган маселелер боюнча тапшырма катары өз алдынча иштөөгө рефераттардын, докладдардын жана башка түрдөгү тапшырмалар сунушталат. Өз кезегинде берилген тапшырмалар кийинки практикалык сабакта талкууга кошулуш керек.

Практикалык сабакта студенттер өздөрүнүн иш аракетинде алынган билимдерди практикалык тапшырмаларды чечүүгө колдонушат.

Студенттердин өз алдынча изденип алган билимдери дисциплинага байланыштуу топтогон кошумча материалдары, чыгармачылык иштери портфолиого топтолот. Ал модул жыйынтыктарын чыгарууда эске алынат.

**Практикалык сабакта студенттердин таанып- билүү иш-аракетинин этаптары**

1.Окутуучунун түшүндүрүүсү .(Теориялык ой жүгүртүүнүн этабы)

2.Көргөзүү ( Инстуркция берүү)

3. Ишти аткаруу.(Ар бир студент өз алдынча же топтордо тапшырманы аткарат. Окутуучу начар өздөштүргөн студенттерге көңүл болот жана иштелип жаткан иште кемчилик болсо эскертүү жасайт)

4.Көзөмөл. (Бул этапта студенттердин иши кабыл алынат жана бааланат. Тапшырманын туура аткарылышы, сапаты, убакытты туура пайдалануу, тездиги эске алынат)

**Практикалык сабактын темалары**

**№1.Тема: Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүнүдө айтылган окумуштуулардын ой-пикирлери (2-саат)**

1.Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө жалпы маалыматтар.

2.Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган пикирлерди баса белгилеген окумуштуулар, алардын ой-пикирлери.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Балдар адабияты ; балдар адабиятынын өзүнчөлүк касиеттери; кыргыз балдар адабиятынын классификасиясы; кыргыз балдар фольклорунун классификацияланышы; ж.б.

**Рефераттар:**

1.Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү

2. Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1.Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө маалымат бер.

2.Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган пикирлерди баса белгилеген окумуштууларды айтып, алардын ой-пикирлеринен мисал келтир.

3.Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү аны кандай классификациялашат?

4. Кыргыз балдар фольклорунун классификацияланышы жөнүндө айт.

**№2 Тема: Тоголок Молдонун балдарга элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы (2-саат)**

1.Т.Молдонун поэмаларынын өзгөчөлүктөрү.

2.Т.Молдонун тамсилдеринин жаралышында адабий байланыш.

Рефераттар:

1.Т.Молдонун элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы.

2.Т.Молдонун чыгармачылык өзгөчөлүгү.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Т.Молдонун өмүрү чыгармачылыгы, Т.Молдонун ырлары, Т.Молдонун тамсилдери, Т.Молдонун жомоктору, Т.Молдонун поэмалары, Т.Молдонун сатиралары.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1.Т.Молдонун балдарга арналган ырлары элдик оозеки чыгармачылык менен кандайча байланышат?

2.Т.Молдонун тамисилдеринин жаралышында кандай адабий байланыш зор түрткү болгон?

3.Т.Молдо адабий жомокторду жаратууда негизги каарман катары кимдерди карайт?

4.Т.Молдонун поэмаларынын өзгөчөлүгү кандай?

5.Т.Молдо өз сатираларындагы сюжеттик өзөккө кимдерди негизги каарман катары тартат?

**Адабияттар:**

1.”Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” М.Түлөгабылов Бишкек “Мектеп” 1991-ж.

2.Тоголок Молдонун чыгармаларынын томдугу.

3. “Элдик акындар жана тарбия” Окуу-медтодикалык курал А.Т.Калдыбаева, Б.К.Үкеева, Бишкек -1995-ж.

4. “Бийик жердин балдары” К.Ташбаев Ош шаары-1999-ж.

5. “Ч.Айтматов жана этнопедагогика” А.Муратова Бишкек-2000-ж.

**№ 3 Тема: К.Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү(2-саат)**

1.К.Эсенкожоев кыргыз балдар адабиятын өзүнүн кандай чыгармалары менен байытты.

2. К.Эсенкокжоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү.

3.Анын чыгармачылыгы эмнеси менен айырмаланат?

4. Анын чыгармаларынын сюжеттеринен баяндагыла.

**Рефереттар:**

1.К.Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү.

2. К.Эсенкожоев өзгөчө талант.

**Таяныч түшүнүктөр:**

1.Кусейин Эсенкожоев, анын акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү, анын чыгармачылыгы, анын балдар адабиятына кошкон чоң салымы.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1.К.Эсенкожоев кыргыз балдар адабиятын өзүнүн кандай чыгармалары менен байытты?

2. К.Эсенкокжоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү эмнеде?

3.Анын чыгармачылыгы эмнеси менен айырмаланат?

4. Анын чыгармаларынын сюжеттеринен баяндагыла.

**Адабияттар:**


1. "Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы" М.Түлөгабылов Бишкек "Мектеп" 1991-ж.
2. "Элдик акындар жана тарбия" Окуу-медтодикалык курал А.Т.Калдыбаева, Б.К.Үкеева, Бишкек -1995-ж.
3. 4. "Бийик жердин балдары " К.Ташбаев Ош шаары-1999-ж.
4. "Ч.Айтматов жана этнопедагогика" А.Муратова Бишкек-2000-ж.


**№4 Байыркы маданий даректер (2-саат)**

1.Тектеш түрк элдерине орток маданий эстеликтер, адабий даректер.

2.Орхон-Енисей эстеликтери.

3.Чоң акын даанышман Ж.Баласагын

**Рефераттар:**

1.Байыркы маданий даректер жөнүндө жалпы маалымат

2. Байыркы маданий даректердин изилдениши.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Байыркы маданий даректер жөнүндө маалымат, байыркы маданий даректерди изилдеген окумуштуулар, байыркы түрк жана Орхон-Енисей эстелитериндеги жазуулар

**Суроолор жана тапшырмалар**

1.Байыркы маданий даректер жөнүндө алгачкы маалыматтар кайсылар?

2. Байыркы маданий даректердин жалпы изилдениши?

**Адабияттар:**


1."Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы" М.Түлөгабылов Бишкек "Мектеп" -1991 –ж.

2. “Кыргыз адабияты” (8-класс үчүн) окуу китеби Ж.таштемиров. С.Мусаев 1976-ж.

3. “Элдик акындар жана тарбия” Окуу –методикалык курал А.Т.Калдыбаева. Б.К.Үкеева Бишкек -1995-ж.

**№5 Тема: 20-30-жылдардагы балдар адабияты**

1.20-30 жылдадагы балдар адабияты

2. Балдарга арналган прозалык жана поэзиялык чыгармалар

3. Балдарга арналган драмалык чыгармалар

**Рефераттар:**

1.20-30-жылдардагы кыргыз балдар адабияты

2. Балдарга арналган прозалык чыгармалардын өзгөчөлүгү.

**Таяныч түшүнүктөр:**

20-30-жылдардагы кыргыз балдар адабиятынын абалы, балдар адабиятындагы проза жана поэзиялардын өзгөчөлүктөрү, балдарга арналган драмалык чыгармалар.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1.20-30-жылдардагы кыргыз балдар адабиятынын өнүгүшү кандай болгон?

2. Балдарга арналган драмалык чыгармалар кайсылар?

3.20-30-жылдардагы балдар адабиятында проза жана поэзияда кандай өзгөрүү болгон?

**Адабияттар:**

1.”Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” М.Түлөгабылов Бишкек “Мектеп” 1991-ж.

2.Тоголок Молдонун чыгармаларынын томдугу.

3. “Элдик акындар жана тарбия” Окуу-медтодикалык курал А.Т.Калдыбаева, Б.К.Үкеева, Бишкек -1995-ж.

4. “Бийик жердин балдары” К.Ташбаев Ош шаары-1999-ж.

**Теориялык материалдарды тапшыруу үчүн текшерүү иштин суроолору**

| № | **Тешерүү иштин суроолору** | **Баллдар** |
|---|---|---|
| 1 | Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган окумуштуулардын ой-пикирлери | 2 |
| 2 | Балдар адабиятынын калыптануу этаптарында акын-жазуучулардын салымы жана чыгармалары | 2 |
| 3 | Тоголок Молдонун балдарга арналган ырларынын элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы. | 2 |
| 4 | Кусейин Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү | 2 |
| 5 | Соггуш жылдарындагы кыргыз балдар позасы жана согуш мезгилиднеги кыргыз балдар поэзиясы | 2 |
| 6 | Кыргыз балдар адабиятына таандык азыркы жаңы чыгармалар. Аларды талдоо | 2 |
| 7 | Балдар адабиятынын ролу жана алардын өзгөчөлүктөрү | 2 |
| 8 | Дүйнө таануу ырлары | 2 |
| 9 | Эмгек ырларынын фольклордогу орду. | 2 |
| 10 | Кыргыз балдар фольклору жалпыоозеки чыгармачылыктын бир бөлүгү. | 2 |
| 11 | Байыркы маданий даректер | 2 |
| 12 | Акындар чыгармачылыгынын кыргыз адабиятындагы алган орду. | 2 |
| 13 | Т.Сатылганов,Б.Алыкуловдун кыргыз адабиятына кошкон салымдары | 2 |
| 14 | К.Акиевдин ,О.Бөлөбалевдин балдар адабиятындагы орду | 2 |
| 15 | Кенже жана эпикалык жанрлардын балдарга тийгизген таасирлери. | 2 |
| | **Өз алдынча иштеринин суроолору .Текшерүү иштин суроолору** | |
| 1 | Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө маалымат бер | 2 |
| 2 | Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган пикирлерди баса белгилеген окумуштууларды айтып, алардын ой-пикирлеринен келтир | 2 |
| 3 | Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү аны кандай классификациялашат? | 2 |
| 4 | Кыргыз адабиятынын тарыхы | 2 |
| 5 | Дүйнө таануу ырларынын аянычтуу касиеттери | 2 |
| 6 | Дүйнө таануу жана беймарал ырларынын айырмачылык, окшоштук жактары | 2 |
| 7 | Т.Молдонун балдарга арналган ырлары элдик оозеки чыгармачылык менен кандайча байланышат | 2 |
| 8 | Т.Молдонун тамсилдеринин жаралышында кандай адабий байланыш зор түрткү болгон | 2 |
| 9 | Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы уламыш, болумуштардын чагылдырылышы | 2 |
| 10 | 20-30-жылдардагы балдар адабияты | 2 |
| 11 | А.Токомбаевдин балдарга арналган чыгармалары | 2 |
| 12 | Кыргыз балдар адабиятындагы биринчи китептер | 2 |
| 13 | Согуш жылдарындагы кыргыз балдар адабияты | 2 |
| 14 | Азыркы балдар адабияты | 2 |
| 15 | Кыргыз балдар адабиятына таандык азыркы жаңы чыгармалар.Аларды талдоо | 2 |
| 16 | Балдар адабияты жана анын классификацияланышы | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Дүйнө таануу ырлары | 2 |
| 18 | Эмгек, насаат, тарыхый ырлар | 2 |
| 19 | Эмгек ырларынын фольклордогу орду | 2 |
| 20 | Жамактар | 2 |
| 21 | Кыргыз балдар фольклору жалпыоозеки чыгармачылыктын бир бөлүгү | 2 |
| 22 | Байыркы маданий даректер | 2 |
| 23 | Ж.Баласагын " Кут алчу билим" чыгармасынын дидактикалык мааниси | 2 |
| 24 | Акындар чыгармачылыгы | 2 |
| 25 | Балдар адабиятынын ролу жана анын өзгөчөлүгү | 2 |
| | | |

**"Балдар адабияты" предмети боюнча тест**

**1-вариант**

**1**.Жалпы адабиятта, балдар адабиятында негизги предмет катары....... эсептелет.

А) Адабият сабагы б) адам в) көркөмдүк г) сулуулук

**2**.Балдар адабияты мүнөзү боюча тарбия берүү максатында кайсы илимдер менен тутумдаш?

А) Кыргыз тили, кыр адабияты б) философия в) педагогика, психология г) культурология

**3**.Балдар адабиятындагы реалзимдин негизиги принциптери.......

А) Элдин жана илимий педагогиканын аталыштары менен тыгыз байланышта

Б) фиолосифиялык көз караш

В) Адабияттын көп тармактарына

Г)Этнопедагогиканын тармактары

**4.** Тубаса таланттан турган жазуучу "Баланын майрамы" деп атаган белгилүү адабиятчы жазуучу

А) Б.Г.Белинский В) Сухомолинский В) Добролюбов Г) Чернишевский

**5.**Улуу педагог .........балдар адабиятынын айрыкча тилине, стилине маани берип, тил аркылуу гана балдар элдин руханий дүйнөсү менен жеткилең тааныша турганын баса көрсөткөн:

А) Чернишевский Б) К.Д.Ушинсикий В) А.И.Герцен Г) Добролюбов

**6**........... “Балдар кыймылды аракетти жакшы көрүшө тургандыктан, окуя, жагдай улам алмашып орун которулуп турушуна ушунчалык кызыгышат” деп баамдаган.

А) Л.Н.Толстой Б) К.Д.Ушиниский В) А.Макеренко Г) Щербаков

**7**. ........айткандай, балдар үчүн “ күлүп алуу –чоң зарылдык”

А)К.Чуковский Б) Крупская В) Ленин Г) А.Макеренко

**8**.Кыргыз балдар адабияты жалпы канча бөлүктөн турат?

А) 4 Б) 3 В) 6 Г) 5

**9.** Оозеки чыгармачылык , акындык чыгармачылык жана жазма профессионалдык чыгармачылык бул.....

А) Илимдин негизги бөлүнүшү Б) Фольклордун бөлүнүшү В) Кыргыз балдар адабиятынын жалпы бөлүнүшү Г)Этнопедагогикалык бөлүнүш

**10**.”Бешик ырлары” “Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар” кайсы классификацияда?

А) Ыр Б) Жамак В) Жомок Г) Уламыш

**11**.Балдар адабиятында илимий-фантастикалык чыгармалардын бөлүнүшү

А) Ар кандай жанрдагы эпосторду пайда кылат Б) Жомоктордун пайда болушуна алып келет В) Кенже эпосторду пайда кылат

Г) Балдар адабияты баланын ар кыл кызыгуусун эске алып, анын назарына илимий ачылыштарды, техниканын абдан татаал кубулуштарын сунуш кыла алат.

**12.** Балдар адабиятынын элдүүлүгү.......

А) Илимий педагогикадан келе жатат Б)Этнопедагогикадан келе жатат

В)Жалпы адабияттан пайда болгон салт Г) Фольклордон келе жаткан салт

**13.**Кыргыз балдар фольклору өзүнө таандык көркөм-поэтикалык өрүшүнө ээ боло алабы?

А) өзүнчө казынасы бар көркөм-поэтикалык өрүшүнө ээ. Б) Жалпы адабияттын бир бөлүгү катары гана кызмат кыла алат. В) өз алдынча эч кандай өндүрүшкө ээ боло албайт. Г) повесть, проза ж.б. толук эмес болгондуктан өрүшкө ээ боло албайт

**14.** Кыргыз адабият тарыхынын оозеки элдик адабияттан кийинки экинчи чоң бөлүгү,....

А) Педагогика Б) Акындар чыгармачылыгы В) Элдик педагогика

Г) Этнопедагогика

**15**. Тоголок Молдонун чыгармачылык атынын аталышы?

А) Төкмөакын Б) Фантастик акын В) Жазгыч жана төкмө акын

Г) Комузучу аткаруучу

**16.**Кийим-кечек кийген соң,

Анан айды жандаймын!-деген ыр саптары кимге тааандык?

А) Токтогулга Б) Барпыга В) Жайсанга Г) Тоголок Молдого

**“Балдар адабияты” предмети боюнча тест**

**2-вариант**

**1...............** ырлары балдарга аалам, жылдыз, планеталар жөнүндөгү романтикалык ой. кыялын эргитип, көркөм элес калтырат

А)Тоголок Молдонун Б) Токтогулдун В) Барпынын Г) Жеңижоктун

**2**.Абай Кунанбаевдин , И.А.Крыловдун, Тоголок Молдонун чыгармачылыгында кайсы тармактар бириктирет?

А) Акындык жазуучулук Б) Тамсил жазуучулугу В) Замандаштыгы

Г) Улуту

**3.** Кыргыз балдар адабиятынын пайдубалынын түптөлүшү кайсы жылдардан башталат?

А) 1924- жылдан Б) 1920-жылдан В) 1930- жвлдан Г)1916-жылдан

**4.**Балдар үчүн жазылган К.Тыныстановдун окуу китеби чыккан жылы?

А)1933- жылы Б) 1939- жылы В) 1924- жылы Г) 1942- жылы

**5.**“Жетилген жетим” аңгемеси ким тарабынан жазылган?

А) А.Токомбаев Б) Р.Шүкүрбеков В) К.Баялинов

**6.**20-30-жылдардагы кыргыз поэзиясынын булбулу аталган акын?

А) А.Осмонов Б) Ж.Боконбаев В) Т.Үмөталиев Г) Т.Кожомбердиев

**7.**“Элим өсөт, мен да бирге гүлдөймүн, Мен да өсүп, жаңылыкка үндөймүн” деген саптар кимге тиешелүү?

А) К.Эсенкожоев Б) Т.Кожомбердиев В) Ж.Турусбеков Г) А.Осмонов

**8.** Т.Сыдыкбековдун “Сагынбадымбы” деген аңгемеси кайсы мезгилде жарык көргөн?

А) Согуш мезгилине чейин Б) Согуш мезгилинде В) Согуштан кийин

Г) Үркүн мезгилинде

**9.**Р.Шүкүрбековдун балдар адабиятынын тарыхынан алган орду кайсы жылдардан башталат?

А) 1942- жылдардан Б) 1946- жылдардан В) 1950- жылдардан

Г) 1980- жылдардан

**10.**Жолон Мамытовдун "Буруул тандын жомогу" деген чыгармасы кайсы жанрга кирет?

А) Поэма Б) Проза В) Жомок Г) Жоо жомок

**11.** Балдар адабиятына К.Тыныстанов эмнеси менен таанылган?

А) Ал көрүнүктүү педагог катары таанылган Б) Жазуучу катары таанылган В) Жомокчу катары Г) Ал коомдук ишмер, окумуштуу жана өто таланттуу акын катары таанылган

**12** "Талаага тай өнүптүр" деген чыгарма кимге таандык?

А) К.Тыныстановго Б) Т.Сыдыкбековго В) К.Баялиновго Г) С.Наматовго

**13.**Кыргыз балдар адабиятынын тарыхында биринчи жолу китеп болуп эсептелген чыгарма жыйнак?

А) Р.Шүкүрбеков "Жаркынай" Б) А.Чыныгышев "Менин балдарым аянтчада" В) А.Токомбаев "Акай мерген" Г) К. Баялинов "Түлку менен суур", "Чабалекей менен жылан" аңгемелери

**14.**Москвалык Митька деген окуучу баланын заводдо иштеген ата-энесине берген жардамын жана анын бүткүл дүйнөлүк жумушчулардын балдары менен тилектештигин баяндаган чыгарма кимге таандык?

А)К.Маликов Б) С.Сасыкбаев В) М.Алыбаев Г) Н.Байтемиров

**15.**Өткөн замандын кыйын кезеңинен улам жашы он тогузга келгенде аран сабаты ачылган акын?

А)Ж.Бөкөнбаев Б) Н.Байтемиров В) М.Элебаев Г) К.Маликов

**16.** "Бул али мурут түгү чыга элек боз улан" деп суроттолгон балдар жазуучусу?

А) А.Осмонов Б) Ж.Бөкөнбаев В) Т.Сыдыкбеков Г) К.Эсенкожоев

**Балдар адабияты тестин жооптору**

**Ачкыч-1**

**1-б, 2-в, 3-а, 4- а, 5-б, 6-в, 7-а, 8-б, 9-в, 10-а, 11-г, 12- г, 13- а, 14- б, 15-в, 16-г.**

**Ачкыч-2**

**1-а, 2-б, 3- а, 4- в, 5-в, 6-б, 7- а, 8-б, 9-в,10- а, 11- г, 12-а, 13-г, 14-б, 16-г.**

## Балдар адабияты боюнча экзамендик билеттин суроолору.

**№1 Билет**

1. Балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат.
2. Балдарадабиятыжанаанынклассификацияланышы.
3. Кыргызбалдар фольклору, анынжанрдык түрлөрү

**№2 Билет**

1. 20-30 жылдардагыбалдарадабияты.
2. Балдаргаарналганпрозалыкчыгармалар
3. Балдарпоэзиясы

**№3 Билет**

1. Акындарчыгармачылыгындабалдаргаарналганчыгармалар
2. ТоголокМолдонунөмүрүчыгармачылыгы
3. ТоголокМолдонунбалдарадабиятынакошконсалымы.

**№4 Билет**

1. Кусейин Эсенкожевдин өмүрү чыгармачылыгы

2. К.Эсенкожевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү

3. Анын чыгармачылыгы, балдар адабиятына кошкон чоң салымы

**№5 Билет**

1. Согушжылдарындагыкыргызбалдарпрозасы

2. Согушмезгилиндегикыргызбалдарпоэзиясы

3. Р.Шүкүрбековдунөмүрүчыгармачылыгы.

**№6 Билет**

1. Азыркы балдар адабияты

2. Кыргыз балдар адабиятына таандык азыркы жаңы чыгармалар

3. Азыркы кыргыз балдар адабиятынын көркөм ачылышы

**№7 Билет**

1. Кыргызбалдар фольклору

2. Классификациянынмаксаты.

3. Бешикырлары.

**№ 8 Билет**

1. Балдарфольклорундагыэмгекырларынын орду.

2. Насаатырларынынбалдардытарбиялоодогу ролу

3. Тарыхыйырлардын көркөмдүк түзүлүшү.

**№ 9 Билет**

1. Жаңылмачтын көркөмдүк түзүлүшү.

2. Балдарды окутууда табышмактын мааниси.

3. Апыртма. Макал. Лакаптар

**№ 10 Билет**

1. Тектеш түрктилдеринеортокмаданийэстеликтер, адабийдаректер.

2. Орхон-Енисей эстеликтери.

3. Чоң акын, даанышманБаласагынЖусуп.

**№11 Билет**

1. Кыргызадабиятыжанаакындарчыгармачылыгы.

2. Эпикалыкчыгармалар. Уламыштаржанаболмуштар

3.XV- кылымдажашапөткөн АсанКайгы.

**№12 Билет**

1. XX- кылымдын ак таңдай акыны- Токтогул Сатылганов

2. Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгы.

3. Тамсил, сатиралардын терең идеясы.

**№ 13 Билет**

1. Токтогулдун окуучусу- К.Акиев

2. К.Акиевдин табиятка арнаган ырлары.

3. Төкмө акын-О. Бөлөбалаев

**№14 Билет**

1. Ак тандай акын Алымкул

2. А.Үсөнбаевдин балдарга арнаган ырлары.

3. Акындын жомоктору.

**№15 Билет**

1. Улуу жазуучу –Ч.Айтматовдун балдар чыгармачылыгындагы уламыш, болумуштары.

2. Балдарга арнаган жомоктору.

3. Дүйнө  таануу жана беймерал ырлар.